## Мунай рыногу

***Мунай рыногунун күндөлүк абалы***

Мунай рыногуна 2013-жылдын үчүнчү чейрегинде жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө негизги сортторго баа (Urals, Brent, WTI) баррелине 97,9-119,1 АКШ доллары диапазонунда өзгөрүп турган.

Мунайга орточо баалардын өзгөрүүсү:

| *Бир мезгил ичинде орточо* | Urals | | Brent | | WTI | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **баасы,** *USD / баррель* | *өткөн мезгилге карата %* **өзгөрүшү** | **баасы,** *USD / баррель* | *өткөн мезгилге карата %* **өзгөрүшү** | **баасы,** *USD / баррель* | *өткөн мезгилге карата %* **өзгөрүшү** |
| 01.04.2013-30.06.2013 | 102,3 | 91,8 | 103,2 | 90,8 | 94,0 | 99,7 |
| 01.07.2013-30.09.2013 | 110,2 | 107,7 | 111,6 | 108,2 | 105,8 | 112,6 |

***Булагы :** «Reuters» МА*




Августтун акырында - сентябрдын башталышында байкалган, мунайдын негизги сортторуна баанын көбөйүүсү үчүнчү чейректин акырына карата корректировкаланган. Мурдагыдай эле, мунайга баа өз багытын жалпы дүйнөлүк, саясий-экономикалык жагдайга жараша өзгөртөт.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде мунай Египеттеги жагдайдын өнүгүүсүнөн улам, Жакынкы Чыгыштан аны берүүлөрдүн начарлоосу тууралуу кооптонуулардын бекемделиши жөнүндө жаңылыктын таасири астында июль айынын башталышынан тартып биржалдарда кымбаттаган. АКШ макростатистикасы боюнча алгылыктуу маалыматтар WTI маркасындагы мунай баасына түрткү берген, бул кийинчерээк Brent жана WTI мунай сортторунун ортосундагы спрэддин азаюусуна өбөлгө түзгөн. Спрэддин акыркы максималдуу азаюусу 2010-жылдын акырында белгиленген эле.

Мунайга баанын төмөндөө жагына өзгөрүүсү ФРСнын жакында активдерди сатып алуу программасынын токтотулушу тууралуу билдирүүсүнө өз таасирин тийгизген. Бир жагынан алганда, программанын токтотулушу АКШ экономикасынын калыбына келгендигин билдирет, бул мунайга суроо-таптын өскөндүгүн тастыктап турат, экинчи жагынан, программанын токтотулушу рынокко төмөндөтүүчү басым жасайт. Бирок, мында рынок катышуучулары үчүн ФРСнын сандык жагынан көлөмүн азайтууну улантуу жана сактоо тууралуу чечими жөнүндөгү жаңылык күтүүсүз болгон, ал баалардын бир аз өсүшүнө шарт түзгөн.

Чейрек ортосунда Жакынкы Чыгыштагы маалыматтар баанын

өсүшүнө себеп болгон. Алсак, Ливияда көтөрүлүштөрдөн улам эки экспорттук терминал жабылып, Египеттин мурдагы президентинин жактоочулары менен аскерлердин ортосунда кагылышуулар улантылган жана Ирактагы экспорттук терминал пландык ремонтко жабылып, Сирия менен химиялык курал-жабдыктарды пайдалануу тууралуу жагдай чечилген, ал АКШга жана башка Батыш өлкөлөрүнө Сирияга каршы согуштук операцияларды демилгелөөгө себеп болгон.

Чейректин акырында баанын кескин төмөндөөсү, Сирия боюнча көйгөйдүн тынчтык жолу менен чечилиши, Иран менен АКшынын эки тараптуу мамилесинин жакшыруусу, АКШ Парламенти тарабынан 1-октябрдан тартып жаңы финансылык жыл үчүн бюджетти кабыл албагандыгы, Ливияда мунай өндүрүүнүн өсүшү, Энергетика маалыматтарын тескөө башкармалыгынын мунай запастарынын өсүшү тууралуу кезектеги отчету менен түшүндүрүлгөн.

***Энергетикалык маалымат башкармалыгы (EIA)***

EIA пикири боюнча, мунайды дүйнөлүк керектөөнүн өсүшү келээрки жылы ыкчамдайт, бирок ОПЕКтен башка өлкөлөрдө мунай өндүрүү андан да тез өсө баштайт.

Энергетика маалыматтарын тескөө башкармалыгынын болжолдоолору боюнча мунайга дүйнөлүк суроо-талап бул жылдагы 930 миңге өсүшкө салыштырганда, 2014-жылы суткасына 1,2 млн. баррелге жогорулайт. Мында ОПЕКтен тышкары, орточо күндүк өндүрүү суткасына 1,3 млн. баррелге көбөйөт. Натыйжада, ОПЕКтин мунайга карата суроо-талабы суткасына 30,61 млн. баррель күндөлүк өндүрүүдө, үстүбүздөгү жылдагы суткасына 29,6 млн. баррелден 29,4 млн. баррелге чейин кыскарат, деп болжолдойт башкармалык.

***ОПЕК***

ОПЕК кезектеги өз баяндамасында 2013-жылы дүйнөдө мунайды керектөө 2012-жылдагыга салыштырганда күнүнө 770 миң баррелге (+0,87 пайызга) көбөйөт жана күнүнө 89,64 млн. баррелди түзөт деп болжолдойт. Суроо-талаптын өсүшү сезондук тенденциялардын эсебинен биринчи жарым жылдыктагы 700 миңден жылдын экинчи жарым жылдыгында суткасына 900 миң баррелге чейин тездейт.

2014-жылы дүйнөлүк экономиканын мунайды керектөөсү 2013-жылдагыга салыштырганда күнүнө 1,04 млн. баррелге (+1,16 пайызга) көбөйүү менен күнүнө 90,68 млн баррелге жетет.

***Казакстан***

“Кашаган” мунай чыккан жерден мунай өндүрүү мөөнөтү сегиз жылга кийинкиге калтырылгандыктан, сентябрь айынын баш жагында өндүрүлө баштаган. Акыркы 40 жыл ичинде дүйнө жүзү боюнча чалгындоонун натыйжасында билинген ири мунай чыккан жерге баа берүүлөр болжолу менен 30 млрд. баррелди түзгөн, алардын ичинен 8ден 12 млрд. чейинкисин өндүрүп алууга болот. Биринчи баскычта мунай эквиваленттинде суткасына 180 миң баррель мунай өндүрүлүшү, аны бара-бара суткасына 370 миң баррелге чейин көбөйтүү болжолдонууда. Кашаган деңиз түбүнөн өндүрүү ишке киргизилгенден кийин Казакстанда чийки затты өндүрүү 2015-жылы суткасына 1,9 млн. баррель деңгээлине, ал эми 2020-жылы – 2,6 млн. баррельге чейин жетет.

Мындан тышкары, бул долбоорго CNPC Кытай энергетикалык мамлекеттик гиганты ишке киришип, компаниянын

***Россия***

Россияда 2013-жылдын 23-сентябрдагы абалга карата 2013-жылдын 8-июлундагы баалар менен салыштырганда, бензинге жана дизель отунуна карата чекене баалардын өзгөрүшү боюнча баалар жана маалыматтар.

| | 08.07.2013 | 23.09.2013 | өзгөрүшү, пайыздарда |
|---|---|---|---|
| | *баасы, рубль* | *баасы, рубль* | *өткөн каттоого карата* |
| **1. Автоунаа бензини** | **29,20** | **30,59** | **104,8** |
| *Анын ичинен*: | | | |
| АИ-80 маркасы | **26,88** | **27,36** | **101,8** |
| АИ-92 маркасы | **28,28** | **29,61** | **104,7** |
| АИ-95 маркасы жана андан жогору | **31,01** | **32,59** | **105,1** |
| **2. Дизель отуну** | **30,94** | **31,49** | **101,8** |

***Булагы:*** *Россия Федерациясынын мамлекеттик статистикасынын федералдык кызматы*

Кароого алынган мезгил ичинде КММнын кымбатташы аны экспорттоо көлөмүнүн көбөйүшүнө байланыштуу болгон, айрым мунай иштетүүчү заводдордун ремонтко жабылышы, бир катар мунай иштетүүчү заводдордун сунуштоо баасынын жогорулоосу менен түшүндүрүлгөн ички рыноктогу тартыштыкка алып келген.

Кароого алынган мезгил аралыгында мунай заттарына баанын өсүшү белгиленген. Россия Федерациясынын Мамлекеттик статистика федералдык кызматынын маалыматы боюнча 2013-жылдын 23-сентябрына карата абал боюнча бензинге орточо керектөө баа 2013-жылдын баш жагынан бери 5,7 пайызга, ал эми дизель отунуна баа – 2,4 пайызга жогорулаган.

Ошондой эле 2014-жылы Өкмөт салык механизмине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү жана пайдалуу кен байлыктарды казып алууга салык чендерин жогорулатууну пландаштырууда. Мында, Финансы министрлиги узак мөөнөттүү келечекте жаңы ички салыкка экспорттук алымдарды алмаштырууну алдыга коюуда, ал пайдалуу кен байлыктарын казып алуу салыгынан айырмаланат. Финансы министринин айтымында, жаңы ички салык бааны максималдуу чекке – 1,4 орус рублине чейин жогорулатышы мүмкүн.

Россиянын мунай иштетүүчү заводдорунун сунуштоо баасы Кыргызстанга таасирин тийгизе баштады. Алсак, негизги маркаларга бензинди сатып алуу баасы орточо алганда (Аи-80, Аи-92, Аи-95) 91,7 АКШ долларына өскөн, бул автоунаага май куючу станцияларда чекене баанын жогорулашына, ал эми айрым региондордо жогорку суроо-талапка ээ Аи-80 маркасындагы бензиндин тартыштыгына алып келген.

***Кыргызстан***

Июль айындагы бааларга салыштырганда, сентябрь айы үчүн бензинге жана дизель отунуна карата чекене орточо баалардын өзгөрүшү боюнча баалар жана маалыматтар.

| Шаарлар | АИ-95 | | АИ-92 | | ДО | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **баасы, сом** | **өзгөрүшү, пайыздарда (+/-)** | **баасы, сом** | **өзгөрүшү, пайыздарда (+/-)** | **баасы, сом** | **өзгөрүшү, пайыздарда (+/-)** |
| Бишкек | 42,40 | 107,6 | 37,54 | 107,0 | 39,89 | 101,8 |
| Каракол | 41,70 | 104,5 | 37,00 | 103,4 | 39,44 | 100,4 |
| Жалал-Абад | 45,29 | 107,7 | 40,58 | 108,5 | 42,26 | 101,1 |
| Нарын | 42,97 | 108,2 | 37,42 | 106,9 | 39,91 | 100,4 |
| Баткен | - | - | 41,70 | 111,5 | 42,93 | 100,6 |
| Ош | 44,11 | 105,9 | 40,23 | 108,6 | 41,42 | 100,6 |
| Талас | 43,11 | 109,1 | 36,57 | 104,0 | 38,52 | 100,4 |
| Токмок | 42,94 | 108,4 | 36,99 | 107,5 | 39,39 | 101,5 |
| Кара-Балта | - | - | 37,90 | 108,9 | 39,47 | 99,1 |
| Республика боюнча орточо | **42,92** | **107,2** | **38,29** | **107,4** | **40,35** | **101,3** |

***Булагы:*** *Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети.*
*«–» - товардын жоктугу*

Кыргызстан мунайтрейдерлер ассоциациясы болжолдогондой эле, КММга баанын жогорулашы бүтүндөй республика боюнча жүргөн.

Бензинге (АИ-92 жана АИ-95) орточо баа, 2013-жылдын 3-сентябрына (+4,6 пайызга) салыштырганда 2013-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 1,8 сомго, ал эми 2012-жылдын декабрь айындагы орточо баага караганда 46 тыйынга (+1,1 пайызга) жогорулаган. Республика боюнча дизель отунуна баа 2013-жылдын 1-октябрына карата ушул эле жылдын 3-сентябрына салыштырганда бир аз гана - 6 тыйынга (+0,2 пайызга) жана 2012-жылдын декабрь айындагы орточо баага салыштырганда 31 тыйынга (+0,8 пайызга) көбөйгөн. Баткен областында Аи-80 маркасындагы бензинге баа бир кыйла - 39,1 сомго чейин (+10,0 пайызга) жогорулап кеткен.

Аи-80 маркасындагы бензинге баанын жогорулашына кошумча таасирди, түшүм жыйноо мезгилинде сезондук суроо-талаптын жогорулашы тийгизген.

Кароого алынган мезгил ичинде баанын өсүшү Россияда мунай иштетүүчү заводдордун сунуштоо баасынын кыйла кымбатташы менен шартталган. Алсак, Кыргызстан мунайтрейдерлер ассоциациясынын маалыматтары боюнча сентябрь айында Аи-80 маркасындагы бензинге сатып алуу баасы 23,3 пайызга, тоннасына 715 АКШ долларына чейин, Аи-92 - 14,3 пайызга, тоннасына 840 АКШ долларына чейин, Аи-95 - 3,9 пайызга, тоннасына 925 долларга чейин өскөн. Жалпыга маалымдоо каражаттарында маалымдалган Баткен областындагы олуттуу жогорулоо, КММны өлкөнүн түштүк аймагына жеткирүүдө бир кыйла транспорттук чыгымдарга байланыштуу болгон. Өлкөнүн түштүгүнө КММ Өзбекстан аркылуу темир жол менен жана түндүк тарабынан автоунаа транспорту менен жеткирилет. Мында, ассоциация белгилегендей эле, эң аз айырма Ош жана Жалал-Абад областтары, ал эми эң көп – алыскы Баткен областы боюнча байкалган.

Ассоциациянын башчысынын маалыматы боюнча сентябрь айынын акырына КММ запасы республика боюнча 53 миң тоннаны түзгөн, ал эми октябрь айында 62 миң тоннаны жеткирүү пландаштырылууда, алардын ичинен 18 миң тоннасы дизель отунун түзөт. Бул запас ноябрь айынын орто ченине чейин жетет.

Кара-Балта мунай иштетүүчү заводун куруу иштери уланууда. Бул «Джунда» заводу сентябрь айынын баш жагында тесттик режимде иштей баштаган. Куруу иштерин октябрь айынын акырында толугу менен аяктоо пландаштырылууда.

**1-график.** Кыргызстанда КММга баанын өзгөрүү динамикасы.



## Жаратылыш газы

***Кыргызстан***

«Tengrinews» маалыматтык агенттиги билдиргендей, Кыргызстан менен Кытай сентябрь айынын башында «Кыргызстан-Кытай» газ өткөрүү системасы тууралуу макулдашууга кол коюшкан. Кыргызстан менен Кытай ортосунда түзүлгөн бул макулдашууда түркмөн газын эки өлкөнүн аймагы аркылуу ташуу каралган. Документ боюнча Кыргызстан түтүктөрдү өткөрүү үчүн пайдаланууга жер сунуштайт. Түтүктөрдүн узундугу 225 км түзөт, ал Кыргызстандын түштүк аймагы аркылуу өтөт, ал эми Кытай жылына 40 млн. доллар төлөп берүүгө макулдугун берген, төлөмдөр 31 жыл ичинде бөлүп төлөөнүн негизинде ишке ашырылат.

## Электроэнергиясы

***Кыргызстан***

Энергетика министринин маалыматы боюнча Өкмөт бир катар программаларды ишке ашыра баштаган, алар электр энергиясын өндүрүү көлөмүн көбөйтөт ГЭСтин Жогорку Нарын каскадын куруу (биринчи ГЭС 2016-жылы ишке киргизилет), Камбар-Ата ГЭС-1 долбоору боюнча ТЭО жылдын акырына чейин иштелип чыгат, Бишкек Жылуулук электр борборунун кубаттуулугу 300 МВТга көбөйтүлөт, ал эми 4 кичи ГЭС боюнча тендер жарыяланган.

Өнөр жай жана энергетика министрлигине караштуу отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун милдетин аткаруучусу маалымдагандай, 2014-жылы айрым категорияларга кирген адамдар үчүн электр энергиясына тарифтер жогорулашы мүмкүн. Алсак, өлкөнүн жетишерлик камсыздалган абоненттерине электр энергиясынын бир киловатт-саатына 1,24 сом төлөө сунушталат (калк үчүн тариф учурда 70 тыйынды түзөт). Бул өзгөрүүлөр жаңы иштелип жаткан тарифтик саясаттын алкагында киргизилүүдө, анткени бул жактар 2003-жылы белгиленген 150 кВт саат ченемдин ордуна 8-30 миң кВт саат керектеп жатышат.

2013-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча Токтогул суу сактагычындагы суунун көлөмү 2012-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 9,1 пайызга төмөндөө менен 15,9 млрд. кубометр чегинде катталган.

**График 1:** Urals 01.01.2011 – 1.10.2013




**График 2:** Brent 01.01.2011 – 01.10.2013




**График 3:** WTI 01.01.2011 – 01.10.2013




**График 4:** Urals 01.07.2013 – 01.10.2013




**График 5:** Brent 01.07.2013 – 01.10.2013




**График 6:** WTI 01.07.2013 – 01.10.2013

